# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ТОВАРДЫК РЫНОКТОРУНДАГЫ АТААНДАШТЫКТЫН АБАЛЫ ЖАНА АТААНДАШТЫК ЭРЕЖЕЛЕРИНИН БУЗУЛУШУНА БӨГӨТ КОЮУ БОЮНЧА КӨРҮЛГӨН ЧАРАЛАР ЖӨНҮНДӨ 2025-ЖЫЛДЫН ОТЧЕТУ

## 1. КИРИШҮҮ

2025-жылдын жыйынтыгы боюнча Кыргыз Республикасынын товардык рынокторундагы атаандаштыктын абалы жана атаандаштыктын эрежелерин бузууга бөгөт коюу боюнча көрүлгөн чаралар жөнүндө жылдык отчет (мындан ары - Жылдык отчет) Кыргыз Республикасынын “Атаандаштык жөнүндө” Мыйзамынын 4-беренесине ылайык түзүлдү.

Жылдык отчет жыл сайын Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Монополияга каршы жөнгө салуу кызматы тарабынан жүргүзүлгөн иштердин жыйынтыгы боюнча түзүлөт.

Жылдык отчеттун максаты коомчулукка жыл сайын атаандаштыкты коргоо жана өнүктүрүү жана монополиялык ишмердүүлүктүн, ак ниетсиз атаандаштыктын алдын алуу, чектөө, бөгөт коюу боюнча кабыл алынган чараларды, ошондой эле Кыргыз Республикасынын рынокторундагы шарттарынын натыйжалуулугун түзүү жана камсыз кылуу жөнүндө маалымдоо.

Атаандаштыктын өнүгүшү экономикалык өсүшкө, товарлардын, жумуштардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатынын жогорулашына, баалардын төмөндөшүнө жана инновациялардын киргизилишине өбөлгө түзөт. Бул ресурстарды бөлүштүрүүнү оптималдаштырган, технологиялык прогрессти стимулдаштырган, рыноктун монополизациясына жол бербеген жана ишканаларды өзгөрүлүп жаткан шарттарга ылайыкташтырган базар экономикасынын негизги механизми.

Мамлекеттик монополияга каршы орган тарабынан 2025-жылы атаандаштыкты өнүктүрүү жана атаандаштыктын эрежелерин бузуунун алдын алуу боюнча төмөнкү иштер жүргүзүлдү:

2025-жылы Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Монополияга каршы жөнгө салуу кызматы (мындан ары - Кызмат) атаандаштыкты коргоо, өнүктүрүү жана атаандаштык эрежелеринин бузулушунун алдын алуу боюнча төмөнкүдөй иштерди жүргүздү:

## 2. Кыргыз Республикасынын монополияга каршы мыйзамдары жана аны өркүндөтүү

Кыргыз Республикасында монополияга каршы мыйзамдарды жана бааларды жөнгө салууну өркүндөтүүгө багытталган төмөнкү ченемдик укуктук актылардын долбоорлору иштелип чыккан:

- “Атаандаштык жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоору (мындан ары - Мыйзам долбоору), анын максаттары болуп төмөнкүлөр саналат:

- Атаандаштык чөйрөнү өнүктүрүү, “Атаандаштык жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын сакталышын камсыз кылуу жана бузууларды болтурбоо;

- өз ишин легалдаштыруу үчүн табылган бузуулар жөнүндө арыз менен кайрылган чарбакер субъекттер үчүн монополияга каршы комплаенсти жана жеңилдетүүчү жагдайларды киргизүү жолу менен монополияга каршы мыйзамдарды ыктыярдуу сактоого дем берүү;

- монополияга каршы мыйзамдарды ыктыярдуу аткарууну стимулдаштыруу жана алардын ишин мыйзамдаштыруу максатында аныкталган бузуулар боюнча даттануу менен кайрылган чарба жүргүзүүчү субъекттер үчүн монополияга каршы сактоону жана жеңилдетүүчү жагдайларды киргизүү;

- керектөөчүлөрдү жана ишкерлерди монополиялык аракеттерден, атаандаштыкка каршы келишимдерден (картелдерден), атаандаштыкты чектөөгө багытталган макулдашылган аракеттерден коргоо.

Мыйзам долбоорунун милдеттери монополияга каршы жөнгө салуунун эл аралык стандарттарын эске алуу менен Кыргыз Республикасында монополияга каршы саясат жана атаандаштыкты коргоо жаатындагы укуктук жөнгө салууну өркүндөтүү болуп саналат.

- экономикалык жактан негизделген бааларды камсыз кылуу, ошондой эле өлкөнүн калкынын кызыкчылыктарын коргоо жана жашоо сапатын жакшыртуу, ишканалардын экономикалык туруктуулугунун жана керектөөчүлөрдүн кызыкчылыктарын коргоонун ортосундагы балансты сактоо максатында “Баа түзүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоору.

Мыйзам долбоорунун максаты – бааларды жөнгө салуу ыкмасын колдонуу, башкача айтканда рентабелдүүлүктүн деңгээлин бизнестин өнүгүшүн камсыз кылган, бирок баалардын негизсиз жогорулоосуна жол бербеген деңгээлде белгилөө.

## 3. Экономиканын айрым тармактарындагы атаандаштыктын абалын талдоо.

2025-жылы республиканын товардык рынокторунун түзүмү төмөндөгүдөй:

### *1. Табигый монополиялардын товардык рыноктору*

Табигый монополиялардын чөйрөлөрү мурдагыдай эле өзгөрүүсүз бойдон калууда жана “Кыргыз Республикасындагы табигый монополиялар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 2-1-беренесинде аныкталган:

Табигый монополиялардын чөйрөлөрү болуп төмөнкүлөр **таанылат:**

1) мунайды жана мунайзаттарын магистралдык түтүк өткөргүчтөр аркылуу ташуу;

2) жаратылыш газын ташуу, бөлүштүрүү, сактоо жана сатуу;

3) электр жана жылуулук энергиясын өндүрүү, бөлүштүрүү, сатуу, берүү;

4) улуттук энергия тутумун оперативдүү-диспетчердик башкаруу боюнча кызмат көрсөтүүлөр;

5) борборлоштурулган суу менен жабдуу жана суу бөлүштүрүү;

6) жалпы пайдалануудагы электр байланыш жана почта байланыш кызмат көрсөтүүлөрү;

7) темир жол ташуулары;

8) эл аралык жана транзиттик учууларды аэронавигациялык тейлөөнү кошпогондо, учууларды аэронавигациялык тейлөө;

9) ички аба ташууларын жерден тейлөө

Табигый монополиялардын мааниси, алардын ишин укуктук жактан жөнгө салуу жалпысынан республиканын бүткүл экономикасынын негизи болуп саналат жана өндүрүштүн наркын жана ар кандай продукциянын баасын калыптандырууда, ошондой эле республиканын калкынын керектөөлөрүн канааттандырууда негизги ролду ойнойт.

**2026-жылдын 1-январына карата** Табигый монополиялардын субъекттеринин мамлекеттик реестрине (мындан ары - Реестр) киргизилген чарба жүргүзүүчү субъекттердин жалпы саны **104** бирдикти түзөт.

| **Кызмат тарабынан жөнгө салынуучу табигый монополиялардын чөйрөлөрүнүн тизмеси** | **Чарбакер субъекттердин саны** |
|---|---|
| Жалпы пайдалануудагы электр байланыш жана почта байланыш кызмат көрсөтүүлөрү | **3** |
| Борборлоштурулган суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу | **89** |
| Темир жол ташуулары | **10** |

| | |
|---|---|
| Эл аралык жана транзиттик учууларды аэронавигациялык тейлөөнү кошпогондо, учууларды аэронавигациялык тейлөө; | **1** |
| Ички авиаташууларды жерде тейлөө | **1** |

*Реестр Кызматтын сайтында жайгаштырылган - https://antimonopolia.gov.kg/ru/%d1%80%d0%b5%d0%b5%d1%81%d1%82%d1%80-%d1%81%d1%83%d0%b1%d1%8a%d0%b5%d0%ba%d1%82%d0%be%d0%b2-%d0%b5%d1%81%d1%82%d0%b5%d1%81%d1%82%d0%b2%d0%b5%d0%bd%d0%bd%d1%8b%d1%85-%d0%bc%d0%be%d0%bd%d0%be%d0%bf/

Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасындагы табигый монополиялар жөнүндө" Мыйзамына ылайык, Кызмат тарабынан табигый монополиялардын ишмердүүлүгүн жөнгө салуу боюнча төмөнкү иштер **жүргүзүлгөн**:

2025-жылы Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 19-июнундагы №320 "Борборлоштурулган ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу кызматтарына тарифтерди аныктоо тартибин бекитүү жөнүндө" токтомунун алкагында, Кызматтын аймактык бөлүмдөрү тарабынан облустар боюнча суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу тарифтерин белгилөө маселеси боюнча коомдук талкуулар өткөрүлгөн: Бишкек шаары – 1 субъекти, Ош шаары – 1 субъект, Чүй облусу – 2 субъект, Ысык-Көл облусу – 3 субъект, Талас облусу – 1 субъект, Нарын облусу – 5 субъект, Ош облусу – 9 субъект, Жалал-Абад облусу – 2 субъект, Баткен облусу – 11 субъект.

Керектөөчүлөрдү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу кызматтарына **35 субъект** үчүн тарифтер бекитилди.

**"Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигине караштуу «Кыргыз темир жолу" УК МИси**

Республика ичиндеги жүргүнчүлөрдү ташуудан келип чыккан чыгымдарды азайтуу, темир жол транспорту менен жүргүнчү ташуулардын туруктуулугун жогорулатуу максатында, муниципалдык жүргүнчү транспортунда жол кирени накталай жана накталай эмес формада төлөөнүн дифференцияланган системасын колдонуу тажрыйбасын, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлиги тарабынан Бишкек–Рыбачье–Бишкек багыты боюнча бекитилген жүргүнчү поезддеринде жол кирени туруктуу (фиксирленген) төлөө системасын эске алуу менен, Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигине караштуу "Кыргыз темир жолу" улуттук компаниясы мамлекеттик ишканасы тарабынан сунушталган материалдарды карап чыгып, Кызмат тарабынан белгиленген тартипте бекитүүгө республика ичиндеги каттамдар боюнча жүргүнчүлөр үчүн (чоңдор/балдар) жол киренин туруктуу (фиксирленген) наркы (сом менен) төмөнкү багыттар боюнча макулдашылды.

**<u>стандарттык вагондо (сом)</u>**

| | Чоңдор | | Балдар | |
|---|---|---|---|---|
| | накталай | **накталай эмес** | накталай | **накталай эмес** |
| Бишкек-2 – Каинды | 60 | **40** | 30 | **20** |
| Каинды - Бишкек-2 | 60 | **40** | 30 | **20** |
| Бишкек-1 – Токмок | 60 | **40** | 30 | **20** |
| Токмок -Бишкек-1 | 60 | **40** | 30 | **20** |
| Бишкек -2 – Рыбачье | 180 | **150** | 90 | **73** |
| Рыбачье -Бишкек -2 | 180 | **150** | 90 | **73** |

**жогорулатылган комфорттогу вагондордо каттам участоктору боюнча**
**Бишкек -2 – Рыбачье, Рыбачье -Бишкек -2 (сом)**

| | Чоңдор | | Балдар | |
|---|---|---|---|---|
| | накталай | **накталай эмес** | накталай | **накталай эмес** |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| “Люкс” вагону | 600 | **500** | 300 | **250** |
| “ВИП” вагону | 960 | **800** | 480 | **400** |
| “ВИП купе” вагону | 7200 | **6000** | - | **-** |

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы – Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын жетекчиси А.А Касымалиевдин 2025-жылдын 9-декабрындагы №18-33108 тапшырмасын аткаруу максатында, ошондой эле КР Транспорт жана коммуникациялар министрлигинин жана “Кыргыз темир жолу” улуттук компаниясы мамлекеттик ишканасынын кайрылууларынын негизинде темир жол аркылуу жүк ташуу үчүн тарифтерди 10%га жогорулатуу маселеси каралды.

Инфляцияны 9,2% деңгээлин (Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын маалыматы боюнча) эске алуу менен Кызмат тарифтерди 9%га

жогорулатууга макул болду, бул суралган 10%дан төмөн жана жүк ташуучулар үчүн продукциянын наркынын өсүшүн минималдаштырууга мүмкүндүк берет.

“**Кыргыз почтасы**” **ААКсы:**

“Кыргызпочтасы” мамлекеттик ишканасынын кеңири тармакталган түйүндөрү кат-кабарларды республиканын эң алыскы айылдарына жана райондоруна жеткирүүгө мүмкүндүк берет, муну рыноктогу башка операторлор камсыз кыла албайт. Жеке компаниялар почта кызматтары чөйрөсүн негизинен ири шаарларда өздөштүрүп жаткандыктан, бул айыл жергесинде керектөөчүлөрдү тейлөө сапатынын начарлашына жана почта кызматтарынын физикалык жактан жеткиликсиз болушуна алып келүүдө.

Бүгүнкү күндө Кыргызстанда универсалдуу почта кызматтарын көрсөтүү секторун кошпогондо, почта байланышы рыногунун бардык секторлорунда эркин атаандаштык өкүм сүрүүдө (кат жүзүндөгү корреспонденциялар).

Мындай жагдай дүйнөлүк практикага туура келет жана бул тармактын экономикалык өзгөчөлүктөрү менен шартталган. Батыш Европада жана Түндүк Америкада мамлекеттик операторлордун үлүшү 98 пайызды, Чыгыш Европада 95 пайызды түзөт.

Кыргыз Республикасынын “Почта байланышы жөнүндө” Мыйзамына ылайык, **универсалдуу почта байланышы кызматына** жалпыга жеткиликтүү тарифтер боюнча өлкө аймагында колдонуучуларга көрсөтүлүүчү биринчи кезектеги зарыл почта кызматы (кат жүзүндөгү корреспонденциялар) кирет.

Жогоруда айтылгандардын негизинде, жазуу жүзүндөгү кат-кабарларды жөнөтүү маанилүү кызмат болуп саналат, башкача айтканда, коомдук мааниге ээ.

Дүйнөдөгү универсалдуу почта байланыш кызматтарынын курамын деталдуу талдоо көрсөткөндөй, почта байланыш кызматы универсалдуу болуп саналат, эгерде ал:

- өлкөнүн бардык аймагында бирдиктүү маалыматтык мыйзамдык, салык жана социалдык саясатты ишке ашыруу үчүн зарыл;
- коомдук мааниге ээ;
- мурдатан калыптанып калган салттарга ээ, алардын бузулушу жарандардын бакубаттуулугуна жана алардын мамлекеттин туруктуулугуна жана стабилдүүлүгүнүн кабыл алышына терс таасирин тийгизет;
- мамлекет өзүнө алган эл аралык милдеттенмелерге ылайык колдонулат.

Жогоруда баяндалгандардын негизинде, эл аралык тажрыйбаны эске алуу менен жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, республика боюнча сапаттуу универсалдуу почта байланыш кызматтарын көрсөтүүнү камсыз кылуу максатында, азыркы учурдагыдай эле, белгилүү категориядагы жана белгилүү салмактагы ички жазма корреспонденцияны жөнөтүү **тарифтерин гана** мамлекеттик жөнгө салууда калтыруу максатка ылайыктуу.

Ошондой эле, 2026-жылы почта байланышы рыногунун өзгөргөн шарттарын эске алуу менен “Кыргыз Республикасындагы табигый монополиялар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына тийиштүү өзгөртүүлөрдү киргизүү жолу менен почта

байланышы рыногун табигый монополиядан атаандаштыкка өткөрүү мүмкүнчүлүгү жөнүндө маселе каралат.

“Кант цемент заводу” ААКда, “Кыргызаэронавигация” мамлекеттик ишканасына, «Бишкексууканал» муниципалдык ишканасына, “Альфа Телеком” ЖАКсына (товарларды идентификациялык каражаттар менен маркировкалоо кызматтары), “Радиорелейлик магистралдар, телекөрсөтүү жана радиоуктуруу” ААК Республикалык өндүрүштүк бирикмесинде текшерүүлөр аяктады.

Кызматтын коллегиясы тарабынан мурда жүргүзүлгөн текшерүүлөрдүн жыйынтыктары боюнча монополияга каршы мыйзамдарды бузуу менен алынган жалпы суммасы **22 734 380 сомду** республикалык бюджеттин пайдасына өндүрүү боюнча чечим кабыл алынган.

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын жазма эскертмесинин кароонун жыйынтыгы боюнча, Кызматтын коллегиясы “Инфоком” мамлекеттик ишканасына карата монополияга каршы мыйзамдарды бузуу менен алынган жалпы **10 992 400 сом** өлчөмүндөгү сумманы республикалык бюджеттин кирешесине өндүрүү жөнүндө чечим кабыл алды.

## *2. Үстөмдүк абалды ээлеген чарбакер субъекттердин катышуусундагы товардык рыноктор*

**2026-жылдын 1-январына карата** Кыргыз Республикасынын товардык рынокторунда үстөмдүк абалды ээлеген чарбакер субъекттердин мамлекеттик реестрине (мындан ары – Мамлекеттик реестр) киргизилген чарбакер субъекттердин жалпы саны – **100**, анын ичинен:

республикалык реестрде – **29** субъект;

аймактык реестрлерде – 71 субъект.

*Мамлекеттик реестр Кызматтын сайтында жайгашкан - https://antimonopolia.gov.kg/ru/%d1%80%d0%b5%d0%b5%d1%81%d1%82%d1%80-%d0%b4%d0%be%d0%bc%d0%b8%d0%bd%d0%b0%d0%bd%d1%82%d0%bd%d1%8b%d1%85-%d1%81%d1%83%d0%b1%d1%8a%d0%b5%d0%ba%d1%82%d0%be%d0%b2/

### Күйүүчү майлоочу материалдар рыногу (КММ)

Кыргыз Республикасында КММ рыногунда 5 компания иш алып барат:

- “Мунай Пром” ЖЧКсы;
- “Альфа Ойл” (Ред Петролеум) ЖЧКсы;
- “ШНОС” (Бишкек Петролеум) ЖЧКсы;
- “Партнер Нефть” ЖЧКсы;
- “РН-Кыргызнефтепродукт” (Роснефть)ЖАКы.

Товардык рыноктордо үстөмдүк кылуучу абалды ээлеген ишкердик субъекттеринин мамлекеттик реестрине төмөнкүлөр киргизилген:

- “Мунай Пром” ЖЧКсы – бензин жана суюлтулган газ боюнча;
- “Альфа Ойл” ЖЧКсы – бензин боюнча;
- “РН-Кыргызнефтепродукт” ЖАКы – бензин боюнча.

Кыргыз Республикасына мунай заттарын жеткирүү Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлиги менен Россия Федерациясынын ортосундагы Өкмөттөр аралык макулдашуунун негизинде жүзөгө ашырылат.

Кыргыз Республикасында мунай продуктуларына жылдык керектөөлөрү болжол менен 1,6 млн тоннаны түзөт.

Белгилей кетсек, Аи-92 үлгүсүндөгү бензин, дизелдик отун жана суюлтулган көмүрсуутек газы Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 8-сентябрындагы №455 “Социалдык маанилүү товарларга бааларды мамлекеттик жөнгө салуу жөнүндө” токтому менен бекитилген социалдык мааниге ээ болгон товарлардын Тизмесине киргизилген.

Кыргыз Республикасынын “Бааларды түзүү жөнүндө” Мыйзамына ылайык, 2023-жылдын 13-декабрында Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Монополияга каршы жөнгө салуу кызматы менен кеңири


тармактагы май куюучу станциялар (МКС) тармагына ээ болгон Кыргызстандагы нефтетрейдерлер (“Мунай Пром” ЖЧКсы, “Альфа Ойл” ЖЧКсы, “ШНОС” ЖЧКсы, “Партнер Нефть” ЖЧКсы, “РН-Кыргызнефтепродукт” ЖАКы ж.б.) ортосунда калк үчүн мунай заттарын сатуу рыногунда кызматташуу жөнүндө Макулдашууга кол коюлган, ал азыркы учурга чейин иштеп жатат жана баанын жеткиликтүүлүгүн жана тышкы факторлорду жана өзүнүн ички саясатын эске алуу менен калк үчүн, монополияга каршы мыйзамдардын талаптарына ылайык келүүгө тийиш.

Нефтетрейдерлер мунайзаттардын зарыл запастарын камсыздайт жана алардын ички рынокто жетишсиздигинин алдын алат, ошондой эле жеткирүүчүлөр ишканаларынын дүң баалары өзгөргөн учурда Кызматка кабарлашат.

**2025-жылга карата Кыргыз Республикасында орточо эсеп менен А-92 бензинине жана дизелдик отунга бир айлык рыноктук (чекене) баа (сом/литр)**

| | Январь | Февраль | Март | Апрель | Май | Июнь | Июль | Август | Сентябрь | Октябрь | Ноябрь | Декабрь |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| А-92 | 62,9 | 63,1 | 63,9 | 64,7 | 65,3 | 65,7 | 67,2 | 68,7 | 70,9 | 74 | 75,2 | 75,4 |
| Дм | 70,8 | 70,8 | 71,8 | 72,7 | 73,5 | 73,7 | 75,0 | 76,3 | 77,2 | 79,2 | 80,7 | 80,8 |

Россия Федерациясынын заводдорунда дүң-өткөрүү бааларынын жогорулашына байланыштуу жай мезгилинде баалардын кескин өсүшү катталды. Баалардын өсүшү 2024-жылга салыштырмалуу АИ – 92-4,6% га, ал эми дизель отунуна 3,6% га жогорулаган.






**2026-жылдын 6-февралына карата ЕАЭБ өлкөлөрүндө күйүүчү-майлоочу майлардын орточо салыштырма баасы, сом/л (Улуттук банктын 2026-жылдын 6-февралына карата алмашуу курсу боюнча)**

| | Кыргызстан | Казахстан | Россия | Беларусия | Армения | Тажикистан | Өзбекстан |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Аи-92 | 74 | 42,1 | 72,0 | 76,7 | 107,2 | 89,5 | 82,8 |
| Аи-95 | 79,7 | 56,2 | 76,9 | 79,8 | 111,8 | 92,3 | 97,2 |
| Дм | 79,0 | 59,1 | 88,0 | 79,8 | 109,5 | 102,6 | 92,2 |

ЕАЭБге мүчө мамлекеттердин жана үчүнчү өлкөлөрдүн КММ рынокторундагы кырдаалга баа берүү 2024-жылга салыштырмалуу бензинге болгон баалар жогорулагандыгын көрсөттү, Кыргыз Республикасындагыдан төмөн бир гана Казакстанда, ал эми Россияда жана Белоруссияда айырма айрым позициялар боюнча 2 сомду түзгөн.

Ошол эле учурда дизелдик отундун баасы Россияда жана Белоруссияда алардын өздүк өндүрүшүн эске алуу менен КРге караганда жогору, бул Кыргыз Республикасында КММ рыногунда бааларды кармап туруу боюнча жүргүзүлүп жаткан иш-чаралардын оң натыйжасын тастыктайт.

**Цемент рыногу**

Кыргыз Республикасынын “Атаандаштык жөнүндө” мыйзамынын алкагында, үстөмдүк кылуу абалынан кыянаттык менен пайдаланууга жол бербөө максатында үч ата мекендик цемент заводу: “Түштүк Кыргыз цемент заводу” ЖАКы (“ТКЦЗ” ЖАКы), “Кант цемент заводу” ЖАКы (“КЦЗ” ЖАКы), “Түштүк курулуш материалдар комбинаты” ЖЧКсы ("ТКМК" ЖЧКсы), Кызматтын чечими менен Кыргыз Республикасынын товардык рынокторунда үстөмдүк кылуучу чарба жүргүзүүчү субъекттердин мамлекеттик реестрине киргизилген. Көрсөтүлгөн субъекттерге карата тикелей мамлекеттик жөнгө салуу жүргүзүлбөйт.

Кызмат тарабынан республика боюнча цементтин чекене бааларына мониторинг жана цементке баалардын негизсиз жогорулашына жол бербөө жана цементке болгон керектөөлөрдү толук көлөмдө камсыз кылуу маселелери боюнча ата мекендик цемент заводдору менен жумушчу жолугушуулар жүргүзүлөт.

**2026-жылы Кыргыз Республикасы боюнча цементке болгон орточо рыноктук чекене баалар**

| № | Товардын аталышы | Өлчөө бирдиги | Баасы (сом) 2025-ж. |
|---|---|---|---|
| 1. | Цемент М-400 (жергиликтүү) | 50 кг | 425,3 |
| 2. | Цемент М-400 (импорттук) | 50 кг | 436,6 |

2024-жылга салыштырмалуу баалардын өсүшү 5,7% ды түздү жана баалардын жогорулашынын себеби 50 килограммдык каптардагы М-400–450 маркасындагы цементтин тартыштыгы болгон. Бул айрым цемент заводдорундагы, тактап айтканда “Терек-Таш” заводундагы оңдоо иштерине, ошондой эле сезондук фактордун таасирине байланыштуу болгон. Мында белгилей кетүүчү нерсе, өндүрүүчү ишканалар өздөрүнүн продукцияларына сатуу баасын көтөрүшкөн эмес. Мындай жогорулоонун негизги себептери жеткирүү чыгымдары (логистика) жана айрым соода түйүндөрүнүн алып-сатарлык жүрүм-туруму болгон. Кызмат чекене сатуучулар менен түшүндүрүү иштерин жүргүзгөндөн кийин, баалар туруктaшкан.

**Көмүр рыногу**

**2025-жылы көмүргө бааларды мамлекеттик жөнгө салуу эки жолу киргизилген**:

1. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 8-сентябрындагы №455 "Социалдык маанидеги товарларга бааларды мамлекеттик жөнгө салуу жөнүндө" токтомунун негизинде, Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлиги тарабынан:

- 2024-жылдын 19-августундагы №78 "Кыргыз Республикасынын аймагында көмүргө бааларды убактылуу мамлекеттик жөнгө салууну киргизүү жөнүндө" буйругунун негизинде көмүргө болгон бааларга **мамлекеттик жөнгө салуу 2024-жылдын 15-сентябрынан 2024-жылдын 15-декабрына чейин киргизилген**;
- "Кыргыз Республикасынын аймагында көмүргө болгон бааны убактылуу мамлекеттик жөнгө салууну узартуу жөнүндө" 2024-жылдын 27 -декабрындагы № 122 **буйругу менен көмүргө болгон бааны убактылуу мамлекеттик жөнгө салуу 2025-жылдын 15-февралына чейин узартылган;**

Көрсөтүлгөн мезгилде Кызмат тарабынан Кыргыз Республикасынын облустары жана Бишкек, Ош шаарлары боюнча көмүрдүн максималдуу баалары белгиленди.

Мамлекеттик жөнгө салуу мезгилинде Кызмат тарабынан жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, салык органдарынын жана ички иштер органдарынын кызматкерлерин тартуу менен белгиленген баалардын сакталышына карата контролдук иш-чаралар жүргүзүлгөн

**Көмүргө бааларды убактылуу мамлекеттик жөнгө салуунун жыйынтыгында 560 иш сапары жүргүзүлүп, 1918 чарба жүргүзүүчү субъектилер камтылып, 814 билдирүүлөр берилип, 56 айып салынды.**

**2.** Министрликтин 2025-жылдын 26-сентябрындагы №175 "Кыргыз Республикасынын аймагында көмүргө бааларды убактылуу мамлекеттик жөнгө салууну киргизүү жөнүндө" буйругуна ылайык, 2025-жылдын 1-октябрынан тартып 90 күндүк мөөнөткө көмүргө бааларды убактылуу мамлекеттик жөнгө салуу кайрадан киргизилип, ал дагы Министрлик тарабынан 2026-жылдын 30-январына чейин узартылган.

Кызмат тарабынан Кыргыз Республикасынын облустары жана Бишкек, Ош шаарлары боюнча ата мекендик жана импорттук көмүргө баалардын максималдуу деңгээли белгиленген.

Көмүрдүн аймактар боюнча баалары сатуу пунктунун алыстыгына, казылып алынган жерине (карьерине), башкача айтканда сатуу жайларына жеткирүүгө, аны казып алуу ыкмаларына, ошондой эле сактоо жана сатуу шарттарына жараша болот.

Азыркы учурда Талас, Ысык-Көл, Чүй облустарында, Бишкек жана Талас шаарларында казакстандык өндүрүштөгү көмүр сатыкта бар. Импорттук көмүрдүн баасы ата мекендик көмүргө караганда жогору. Бул жеткирүүчүлөрдүн киргизүү бааларына, темир жол аркылуу ташуу тарифтеринин жогорулашына жана сатууга байланышкан чыгымдарга байланыштуу. Импорттук көмүр Бишкек шаарында 7,0 миң сомдон сатылууда.

Социалдык маанилүү товарларга бааларды мамлекеттик жөнгө салуунун тартибин, ошондой эле соода эрежелерин бузуу фактылары аныкталган учурда Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык чаралар көрүлөт.

Көмүрдүн баасын убактылуу мамлекеттик жөнгө салуунун кабыл алынышы бааларды көзөмөлдөп турууга, жылытуу мезгилинде күйүүчү майдын баасынын алып-сатарлык өсүшүнө жол бербөөгө, калк үчүн көмүр менен камсыз кылууга жана аймактарда отун рыногун турукташтырууга жардам берген.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин **2025-жылдын 28-майындагы "Кыргыз Республикасынын экономика тармактарын жана калкын 2025/2026-жылдын күз-кыш мезгилине даярдоо жөнүндө" №282 токтомунун 3-пунктун** аткаруунун алкагында Кызмат тарабынан төмөнкү иштер жүргүзүлдү.

1. "Бишкек жылуулук борбору" муниципалдык ишканасына (мындан ары – "Бишкек ЖЭБи" МИ) жана жылуулук менен камсыздоочу ишканаларга көмүр жеткирүүнү жүзөгө ашыруучу Кыргыз Республикасынын көмүр казуучу ишканалардын көмүрүнө баалар "Кыргызкөмүр" МИ берген тизмеге ылайык Бишкек шаарынын мэриясы менен биргеликте белгиленген.

2. Алынган көмүрдүн бир бөлүгүн кыргыз тарапка бекер (КНС жана сатуу салыгын кошкондо) берген чет элдик биргелешкен көмүр казуучу компанияга баа коюлду.

3. Лицензиясы бар көмүр казуучу компаниялар үчүн керектөөчүлөрдүн топтору боюнча сатылуучу көмүрдүн дүң баасы белгиленген.

4. Автотранспорт каражаттары менен көмүрдү ташууга тариф, каттамдар боюнча кайтаруу (тескери) багытын (КНС жана сатуу салыгын кошпогондо) эске алуу менен белгиленген.

5. Каттамдар боюнча кайтаруу (тескери) багытты эске алуу менен автотранспорт каражаттары менен мазут ташууга баа **– 3,62 сом (тн/км)** өлчөмүндө белгиленген (салыктарды эске албаганда).

6. “Кыргызнефтегаз” ААК үчүн “Бишкек ЖЭБ” МИ, “Ош шаарынын жылуулук электр борбору” муниципалдык ишканасына жана жылуулук менен камсыздоочу ишканаларга жеткирүү үчүн “М-100” маркасындагы жагылуучу мазуттун баасы - **21428,0 сом/тонна** (салыктарды эске албаганда) деңгээлинде белгиленген.

7. Балыкчы шаарынын жүктөө-түшүрүүчү аянтчасына көмүрдү темир жол транспортуна кайра жүктөө боюнча кызмат көрсөтүүлөрдүн наркы “Кыргызкөмүр” МИ берген материалдарга ылайык – **262,60 сом/тонна** (КНС жана СС салыктарын эске албаганда) деңгээлинде белгиленди.

**Кумшекер рыногу**

**Кант өндүрүү рыногунда** субъектилердин тобунун курамында “Кайыңды-Кант” ААКсы жана “Кошой” ААКы субъектилеринин абалы **үстөмдүк кылуучу деп таанылган**.

4 жыл аралыгында кантка болгон бааны туруктуу негизде кармап туруу максатында, Монополияга каршы жөнгө салуу кызматы менен “Кайыңды-Кант” ААКсы, “Кошой” ААКсы, “Умай Групп” ЖЧКсы (Народный, Глобус, Достор), “Азия Ретейл” ЖЧКсы (Фрунзе), Торговый Дом “Яр-Марка” ЖЧКсы, “Шекер” дүң соода маркети, “Рейтейл Холдинг” ААКсы (Боорсок), “Боорсок Инвест” ЖЧКсы (Алма) жана “К.М.Компани” ЖЧКнын (KIWI) ортосунда түзүлгөн Кызматташуу келишиминин алкагында иштер жүргүзүлүп келет.

2025-жылы бул Макулдашуунун алкагында биллинг системасы бар соода түйүндөрү кумшекерди бир лоялдуулук картасы боюнча суткасына бир кишиге 1 кг чектөө менен, өндүрүүчү заводдордун дүң-сатуу баасына 2 сом/кг ашпаган үстөк баа менен сатышат, 1 кг ашык сатылганда үстөк баа 7 сом/кг ашпайт. Биллинг системасы жок соода түйүндөрү кумшекерди өндүрүүчү заводдордун дүң-сатуу баасына 5 сом/кг ашпаган үстөк баа менен чекене баада сатышат.

Белгилей кетсек, соода түйүндөрүндө кум шекердин баасы кг үчүн 64-69 сомду түзөт.

Макулдашуу келишимден келип чыккан милдеттенмелерди өзүнө алууга даяр болгон соода түйүндөрүнүн кошулуусу үчүн ачык.

Бул Макулдашуу бааларды кармап турууга жана продукциянын керектөөчүлөр үчүн жеткиликтүүлүгүн камсыз кылууга өбөлгө түздү.

**2025-жылга карата республика боюнча кум шекердин орточо рыноктук чекене баасы (сом/кг)**

| | КР | Бишкек ш | Токмок шаары | Нарын шаары | Каракол шаары | Талас шаары | Ош шаары | Жалал-Абад шаары | Баткен шаары |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 2025-ж январь | 70,7 | 80,0 | 66,9 | 65,0 | 64,8 | 68,0 | 68,5 | 74,6 | 77,5 |
| 2025-ж февраль | 71,5 | 77,5 | 70,0 | 68,6 | 65,8 | 68,6 | 68,5 | 75,5 | 77,5 |
| 2025-ж март | 72,1 | 77,5 | 70,0 | 68,5 | 68,3 | 70,3 | 68,5 | 76,0 | 77,5 |
| 2025-ж апрель | 73,0 | 76,5 | 70,0 | 70,0 | 71,7 | 71,9 | 68,5 | 77,6 | 77,5 |
| 2025-ж май | 74,2 | 77,5 | 70,3 | 71,0 | 73,0 | 75,5 | 69,8 | 78,3 | 78,3 |
| 2025-ж июнь | 75,8 | 77,5 | 70,8 | 74,0 | 75,2 | 76,3 | 70,9 | 79,5 | 82,5 |
| 2025-ж июль | 76,7 | 77,5 | 72,0 | 75,2 | 77,1 | 77,6 | 72,5 | 79,5 | 82,5 |
| 2025-ж август | 76,7 | 77,5 | 73,0 | 75,0 | 76,8 | 77,0 | 72,5 | 79,3 | 82,5 |

| | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 2025-ж сентябрь | 76,4 | 77,5 | 73,8 | 75,5 | 74,4 | 77,0 | 72,3 | 78,5 | 82,5 |
| 2025-ж октябрь | 76,2 | 77,5 | 76,5 | 75,0 | 73,9 | 76,0 | 71,4 | 76,5 | 82,5 |
| 2025-ж ноябрь | 75,5 | 77,5 | 76,5 | 75,0 | 71,9 | 75,5 | 70,1 | 75,4 | 82,5 |
| 2025-ж декабрь | 74,7 | 77,5 | 74,3 | 75,0 | 72,3 | 75,5 | 69,0 | 71,5 | 82,5 |




2024–2025-жылдары азык-түлүк рыногунун кант менен камсыздалышы өз өндүрүшүнүн эсебинен 100% түздү.

**Чийки сүттү сатып алуу рыногу:**

Сүттүн сатып алуу бааларын жөнгө салуу максатында КР Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 2-декабрындагы № 724 токтому менен Чийки сүткө базалык бааны белгилөө тартиби бекитилген. Тартип менен мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, чарбакер субъекттер жана башка кызыкдар жактар чийки сүткө базалык бааны белгилөөдө жетекчиликке ала турган жол-жоболор аныкталган.

Белгилей кетсек, 2025-жылы чийки сүттүн жайкы жана кышкы мезгилдерине карата базалык баалары Кызматтын Чүй, Ысык-Көл жана Талас облустук бөлүмдөрү тарабынан белгиленген.

Кызмат ошондой эле рынокто үстөмдүк кылуучу абалды ээлеген чарба жүргүзүүчү субъекттер менен иш алып барат.

Мамлекеттик Реестрге Чүй жана Талас облустарында сүт сатып алуучу 5 субъект кирет:

- Чүй облусу боюнча “Үмүт и Ко” ЖЧКсы;
- Талас облусу боюнча “Талас Сүт” ЖАКы, “Арашан” ААКсы, “Талас Даамы” ЖЧКсы, “Эмилия” ЖЧКсы.

Кызмат тарабынан сүт сатып алуу рыногунда бааларды түздөн-түз мамлекеттик жөнгө салуу ишке ашырылбайт.

3. ***Атаандаштыкка жөндөмдүү товар рыноктору, анын ичинде социалдык маанилүү рыноктор***

Атаандаштык бар товардык рыноктордо Кызматтын ролу — Кыргыз Республикасынын “Атаандаштык жөнүндө” Мыйзамы менен белгиленген атаандаштык ченемдеринин жана эрежелеринин бузулушуна жол бербөө болуп саналат.

2025-жылы “Атаандаштык жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамын бузуу фактыларынын негизинде жеке жана юридикалык жактардан **55** арыз (даттануу) каралып, **14** арыз ыктыярдуу түрдө жоюлуп, **41** арызга түшүндүрмө берилген. 2024-жылга салыштырмалуу каралган арыздардын саны 1ге азайган.

Арыздардын негизги бөлүгү, мурдагыдай эле, кара ниет атаандаштыкка байланыштуу болуп, негизинен аталган Мыйзамдын 8-беренесинин нормаларын бузуу менен байланыштуу:

- башка чарба жүргүзүүчү субъекттин товарларын, ошондой эле анын таңгагынын формасын жана тышкы жасалгасын (көрүнүшүн) уруксатсыз көчүрүүгө;
- башка чарба жүргүзүүчү субъекттин продукциясын анын патенттик укуктарын бузуу аркылуу түздөн-түз кайра жаратуу;
- башка бирөөнүн товардык белгисин, тейлөө белгисин, товар чыккан жердин аталышын, фирмалык аталышын мыйзамсыз колдонуу, бул башка чарба жүргүзүүчү субъекттин ишмердүүлүгү менен чаташууга алып келиши мүмкүн.

Мисалы, төмөнкүдөй мүнөздөгү кайрылуулар болгон, алардын алкагында Кызмат тарабынан тиешелүү чечимдер кабыл алынып, “жумшак укук” принциби колдонулган – 4 эскертүү берилген:

“VODIY KIMIO SANOAT” ЖЧКсынан (Aprel кир жуучу каражаты) Карабаев А.Э. ЖКсына (Aperol кир жуучу каражаты) карата кайрылуу түшкөн. Бул кайрылуу административдик өндүрүшкө өткөрүлгөн. Кызмат тарабынан Карабаев А.Э. ЖКсына Кыргыз Республикасынын “Атаандаштык жөнүндө” Мыйзамынын 8-беренесинин бузулушунун белгилерин камтыган аракеттерди токтотууга, тактап айтканда жогоруда көрсөтүлгөн продукцияны сатууну 2025-жылдын 1-сентябрына чейин (реализациялоону) токтотуу жөнүндө Эскертүү берилген. Бул **эскертүү** белгиленген мөөнөттө аткарылган.

“MONOLITH ASIA” ЖЧКсынан “НУРТЕК” ЖЧКсынын аракеттерине карата (“АРСЕНАЛ” товардык белгиси) кайрылуу каралган. Бул кайрылуу административдик өндүрүшкө өткөрүлгөн.

Кызмат тарабынан “НУРТЕК” ЖЧКсына Кыргыз Республикасынын “Атаандаштык жөнүндө” Мыйзамынын 8-беренесинин бузулушунун белгилерин камтыган аракеттерди токтотуу, тактап айтканда жогоруда көрсөтүлгөн продукцияны сатуу (реализациялоо) 2025-жылдын 16-сентябрына чейин токтотуу жөнүндө эскертүү берилген. Бул **эскертүү** өз убагында аткарылган.

Кыргыз Республикасынын “Атаандаштык жөнүндө” Мыйзамынын 8-беренесинин 1-бөлүгүнүн 5-пунктун бузуу белгилерин камтыган аракеттерин токтотуу зарылдыгы жөнүндө жеке ишкер А.Шаршенбековага “Асеман” ЖЧКсынын оригиналдуу продукциясына чаташтыруу деңгээлине чейин окшош “Ашкан” аталышындагы продукцияны сатууну 2025-жылдын 31-октябрына чейинки мөөнөттө токтотуу жөнүндө эскертүү берилген. **Эскертүү** өз убагында аткарылды.

“Сапар Тех Кейджи” ЖЧКсына такси айдоочуларынан кармалып алынуучу комиссия тууралуу так эмес маалымат боюнча арыз келип түшкөн. **“Сапар Тех Кейджи” ЖЧКсына мындай аракеттерге жол бербөө** жана бардык ачык жана колдонуучуларга берилген маалыматтарды иш жүзүндөгү кармалуулардын өлчөмүнө жана Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына толук шайкеш келтирүү зарылдыгы жөнүндө эскертүү берилген. Так эмес маалыматтарды жайылтууну токтотуу, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык ишкананын жоопкерчилигинде болгон айдоочуларга жана ишкананын өнөктөштөрүнө иштин шарттары тууралуу өз убагында жана ачык-айкын маалымдоо камсыз кылуу талап кылынган. Бул Кыргыз Республикасынын Мыйзамдарын сактоонун алкагында Компаниянын милдети болуп саналат. **Эскертүү** белгиленген мөөнөттө аткарылган.

“Атаандаштык жөнүндө” Мыйзамдын 11-беренесине ылайык кайра уюштурууга (Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 3 жана 5-беренелерине ылайык катышуучулары алар менен аффилирленген жактар жана/же жактардын тобу болуп саналган чарбакер субъекттерди бириктирүү, кошуу, кайра түзүү жана түзүү) макулдук берүү жөнүндө 35

чарбакер субъекттин өтүнүчтөрү каралды. 2024-жылга салыштырмалуу Кызматка кайрылуулардын саны 5ке азайган.

Арыздар негизинен чарбакер субъекттердин биригүү процесстери менен байланыштуу болуп, биригүүнүн негизги максаты административдик чыгымдарды кыскартуу болуп саналат (ишмердүүлүк соода жана курулуш тармактарын камтыйт).

2025-жылы аталган мыйзамдын 11-беренесин бузуулар аныкталган, тактап айтканда, монополияга каршы органдын алдын ала макулдугусуз чарбакер субъекттер Кыргыз Республикасынын Юстиция органдарында каттоодон өткөрүлгөн. Ушуга байланыштуу, Кыргыз Республикасынын укук бузуулар жөнүндө кодексинин 292-беренесине ылайык, ОсОО "Новоматик Кыргызстан" жана МИ "Кыргыз темир жолу" Улуттук компаниясына карата 650 эсептик көрсөткүч өлчөмүндө административдик айып пул салынган.

2025-жылы товардык рыноктордо атаандаштык чөйрөгө **56 талдоо** жүргүзүлгөн. Бул талдоолор товардык рыноктордо атаандаштыкка талдоо жүргүзүү боюнча жыл сайын бекитилген пландын алкагында жүргүзүлөт. Талдоонун негизинде Кызмат Мамлекеттик реестрге тиешелүү өзгөртүүлөр киргизилген (маалымат жогоруда келтирилген).

Атаандаштык рынокторундагы кырдаалга баа берүү максатында рынокторго, анын ичинде социалдык мааниге ээ товарларга серептер жүргүзүлүп, алардын жыйынтыгы боюнча кырдаалды турукташтыруу боюнча тиешелүү сунуштар иштелип чыгып, Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине берилген. Натыйжада төмөнкү сунуштар киргизилди:

- пахта тармагындагы көйгөйлөрдү чечүү үчүн бардык кызыкдар мамлекеттик органдардын катышуусу менен Айыл чарба министрлигинин аянтчасында эксперттик жумушчу топ түзүү жана көйгөйлөрдү чечүүнүн механизмдерин иштеп чыгуу, анын ичинде акыркы продукцияны өндүрүүчүлөр, чийки зат жана материалдар, ресурстар жана кызмат көрсөтүүлөрдү жеткирүүчүлөр ортосунда келишимдерди түзүү аркылуу ишканалардын (келишимдин катышуучуларынын) ишин турукташтыруу; чыгарылган продукциянын атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу, сатуунун көлөмүн көбөйтүү, өз ара эсептешүүлөрдү жакшыртуу, катышуучулардын продукциясына жана кызмат көрсөтүүлөрүнө бааларды турукташтыруу, жарандардын экономикалык кызыкчылыктарын коргоону камсыз кылуу жана Кыргыз Республикасынын «Баа түзүү жөнүндө» мыйзамынын алкагында атаандаштыкты өнүктүрүү.
- ири мүйүздүү малды (КРС) жана майда мүйүздүү малды (МРС) экспорттоого убактылуу чектөө киргизүү;
- көмүргө бааларды убактылуу мамлекеттик жөнгө салууну киргизүү;
- бааларды кармап туруу максатында рыноктун катышуучулары менен баа боюнча келишимдерди түзүү.

Ошондой эле, өсүмдүк майы, эт, картошка, жууп-тазалоочу каражаттар, болтторду сатуу рыногундагы кырдаалга, турак жайды ижарага берүү жана сатуу, лак-сыр материалдар, курулуш кирпичи, ири мүйүздүү мал (ИММ) жана майда мүйүздүү мал (МММ) рынокторундагы кырдаалдар боюнча, ошондой эле нотариалдык кызмат көрсөтүүлөр ж.б. боюнча аналитикалык корутундулар даярдалды.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 30-сентябрындагы № 560 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын аймагында айрым товарлардын түрлөрү менен соода жүргүзүүнүн эрежелеринин 22-1-пунктунун аткарылышы боюнча бардык соода объекттери боюнча Кызмат тарабынан талдоо жүргүзүлгөн.

Натыйжада, аталган пункт ири соода объектилеринде ишке ашырылып жатканын, тактап айтканда, ата мекендик өндүрүш товарлары үчүн өзүнчө стеллаждар/текчелер бар экендиги, ошондой эле «Кыргызстанда жасалган»/«Изготовлено в Кыргызстане»/«Made in Kyrgyzstan» деген жазуусу бар конструкциялардын бар экендиги Кызмат тарабынан аныкталган.

Белгилей кетүү керек, 2025-жылы да, 2024-жылдагыдай эле, баалардын өсүшү биринчи кезекте логистикага байланыштуу чыгымдардын көбөйүшү жана импорттолгон товарлардын дүң (оптом) сатуу бааларынын жогорулашы менен шартталган.

Социалдык мааниге ээ товарлардын (СМТ) баалары тышкы жана ички факторлордун жыйындысынын таасири астында калыптанат, алардын катарына төмөнкүлөр кирет:

1. Логистика: чийки заттарды жана даяр продукцияны ташууга кеткен чыгымдар, айрыкча региондордун алыстыгы, ташуу шарттары жана күйүүчү май бааларынын өзгөрүшүн эске алуу менен.
2. Валюта курсунун айырмачылыгы: курсунун өзгөрүшү импорттук товарларга таасир этет.
3. Өндүрүштүк чыгымдар: электр энергиясына, жабдууларга, таңгактоо материалдарына жана эмгек акыга кеткен чыгымдар.
4. Суроо-талап жана сезондук өзгөрүүлөр: белгилүү мезгилдерде суроо-талаптын өсүшү баалардын убактылуу өзгөрүшүнө алып келиши мүмкүн.
5. Салыктар жана мамлекеттик жөнгө салуу: салык жүктөмүнүн же тарифтердин өзгөрүшү да продукциянын баасына таасир этет.
6. Айыл чарба шарттары: аба ырайы, түшүмдүүлүк жана табигый кырсыктар бааларга таасир тийгизиши мүмкүн.
7. Эмгек акынын өсүшү калктын сатып алуу жөндөмдүүлүгүн жана керектөө суроо-талабын жогорулатат, бул товар өндүрүшү жетиштүү ылдамдыкта өспөгөн шартта суроо-талап инфляциясына алып келет. Мындан тышкары, эмгек акынын жогорулашы бизнес чыгымдарын көбөйтүп, компанияларды бааларды жогорулатууга мажбурлайт (чыгым инфляциясы).

Эмгек акынын өсүшү: эмгек акынын жогорулашы калктын сатып алуу жөндөмдүүлүгүн жана керектөө суроо-талабын жогорулатат, ал эми товар өндүрүшү жетиштүү ылдамдыкта өспөсө, бул суроо-талап инфляциясына алып келет. Мындан тышкары, эмгек акынын жогорулашы бизнес чыгымдарын көбөйтүп, компанияларды бааларды жогорулатууга мажбурлайт (чыгым инфляциясы).

Акыркы жылдары ЕАЭБ өлкөлөрүндө керектөө бааларынын өсүшүнүн ар кандай динамикасы байкалууда. 2024-жылы союзга кирген көпчүлүк өлкөлөрдө инфляция 2022–2023-жылдардагы эң жогорку көрсөткүчтөргө салыштырмалуу басаңдай баштаган, бирок 2025-жылдын аягына карай айрым өлкөлөрдө кайрадан ылдамдашуу байкалган.

**Өлкөлөр боюнча жылдык инфляция (декабрдан декабрга чейин)**

| **Өлкө** | **2023-ж.(%)** | **2024-ж.(%)** | **2025-ж. (маалымат/божомол)** |
|---|---|---|---|
| **Армения** | 0,6 | 1,5 | ~3,1% (божомол) |
| **Беларусь** | 5,8 | 5,2 | ~6,0% (божомол) |
| **Казахстан** | 9,8 | 8,6 | 7,7% (октябрга карата) |
| **Кыргызстан** | 7,3 | 6,3 | 9,4% (декабрга карата) |
| **Россия** | 7,4 | 9,5 | 7–8% (Борбордук банктывн божомолу) |

2024–2025-жылдардагы негизги тенденциялар

- **Армения** биримдикте инфляциянын эң төмөнкү деңгээлин сактап турат. 2025-жылдын июль айында ал жерде дефляция да катталган (баалардын 0,8% төмөндөшү).
- **Казахстан** 2025-жылдын орто ченинде баалардын өсүшү боюнча алдыда болгон, бирок жылдын акырына карата жылдык инфляция турукташа баштаган.
- **Кыргызстан** 2025-жылдын аягында баалардын кескин өсүшү байкалды: жыл жыйынтыгы боюнча инфляция 9,4%га жетти (мурунку жылы 6,3% болгон), бул кызмат көрсөтүүлөрдүн тарифтеринин жогорулашы (+11,2%) жана азык-түлүктүн кымбатташы (+9,9%) менен шартталган.
- **Россия** 2025-жылы ички суроо-талаптын сакталышына жана акча-кредит саясатынын оңдолушуна байланыштуу болжолдоолорду 7–8% (мурда 4–5% күтүлгөн) чейин кайра карап чыгууга туш болгон.

Бүтүндөй ЕАЭБ боюнча 2024-жылы баалардын орточо өсүшү 7,5%ды түздү, инфляцияга эң чоң салым акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөр жана тамак-аш азыктары менен байланыштуу болгон.

**2025-жылы республика боюнча социалдык мааниге ээ товарлардын орточо базардык чекене баалары төмөндөгүчө көрсөтүлгөн (сом менен):**

| № | Товардын аталышы | Өлчөө бирдиктери | Республика боюнча рыноктук чекене баалардын орточо деңгээли | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | 2024-жылдын январь айы боюнча КР дагы орточо баа | 2025-жылдын январь айы боюнча КРдагы орточо баа | 2024-жыл менен 2025-жылды салыштыруу | |
| | | | сом | сом | % | сом менен |
| 1 | 1-сорт. таразага тартылган буудай уну (жергиликтүү) | кг | 35,9 | 34,8 | 97,0 | -1,1 |
| 2 | 1-сорт. таразага тартылган буудай уну (импорттолгон) | кг | 48,7 | 43,1 | 88,6 | -5,6 |
| 3 | 1-сорттогу буудай унунан жасалган бөлкө нан | кг | 63,0 | 64,2 | 101,9 | 1,2 |
| 4 | Нан азыктары (тандыр нан) | кг | 95,9 | 95,1 | 99,1 | -0,8 |
| 5 | Пастерленген 2,5-3,2% майлуулуктагы сүт | л | 71,8 | 74,4 | 103,7 | 2,6 |
| 6 | Тазаланган күн карама майы | л | 132,6 | 139,9 | 105,5 | 7,2 |
| 7 | Каймак май (туздалбаган, 72%дан аз эмес кошулмаларсыз жана өсүмдүк майларысыз) | кг | 503,0 | 595,5 | 118,4 | 92,5 |
| 8 | Уй эти (сулп этинен башкасы) | кг | 510,0 | 590,0 | 115,7 | 80,0 |
| 9 | Кой эти (сулп этинен башкасы) | кг | 540,8 | 585,8 | 108,3 | 45,0 |
| 10 | Кумшекер | кг | 77,8 | 70,7 | 90,9 | -7,1 |
| 11 | Күрүч (таразага тартылган, тазаланган ак) | кг | 151,9 | 148,1 | 97,5 | -3,8 |
| 12 | Таразага тартылган макарон азыктары (вермишель) | кг | 74,6 | 75,0 | 100,6 | 0,4 |
| 13 | Таразага тартылган макарон азыктары (спагетти) | 400гр | 71,4 | 67,9 | 95,1 | -3,5 |
| 14 | Таразага тартылган макарон азыктары (рожки) | кг | 77,1 | 73,4 | 95,1 | -3,8 |
| 15 | Тоок жумурткасы | 10 шт | 121,9 | 101,8 | 83,5 | -20,2 |
| 16 | Картошка | кг | 28,0 | 46,2 | 165,0 | 18,2 |
| 17 | Сабиз | кг | 35,7 | 36,1 | 101,2 | 0,4 |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 18 | Баш пияз | кг | 25,2 | 29,6 | 117,6 | 4,4 |
| 19 | Көмүр (жергиликтүү) | тн | 5737,5 | 6085,7 | 106,1 | 348,2 |
| 20 | Көмүр (импорттолгон) | тн | 7375,0 | 7612,5 | 103,2 | 237,5 |
| 21 | Бензин Аи-92 | л | 62,5 | 62,9 | 100,7 | 0,4 |
| 22 | Дизель майы (кышкы отундан тышкары) | л | 70,3 | 70,8 | 100,8 | 0,6 |
| 23 | СУГ/Автогаз | л | 31,5 | 37,3 | 118,5 | 5,8 |
| 24 | Суюлтулган газ (баллон) | бал. | 687,6 | 741,4 | 107,8 | 53,8 |
| 25 | Минер. жер семирткичтер (аммиак селитрасы) | кг | 37,5 | 32,2 | 85,8 | -5,3 |
| 26 | Минер. жер семирткичтер (карбамид) | кг | 46,2 | 40,9 | 88,5 | -5,3 |
| 27 | Минер. жер семирткичтер (аммофос) | кг | 49,4 | 47,1 | 95,4 | -2,3 |
| 28 | Чөп | түк | 412,1 | 261,5 | 63,4 | -150,6 |

**2025-жылы** айрым социалдык мааниге ээ товарларга баалардын өсүшү байкалган, өсүштүн себептери жогоруда көрсөтүлгөн, ошондой эле рынокто үстөмдүк абалды ээлеген субъекттер бар болгон шартта Кызмат тарабынан көрүлүп жаткан чаралар да белгиленген.

Ошондой эле республикада бааларды турукташтыруу максатында төмөндөгү чаралар көрүлгөн:

2025-жылдын 13-февралында **Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлиги, Айыл чарба министрлиги, Монополияга каршы органы жана ун өндүрүү тармагынын ишканаларынын ортосунда** рынокту сапаттуу буудай уну жана мал чарбасы үчүн жеткиликтүү баада тоют менен камсыз кылууга, ошондой эле республиканы ун менен камсыз кылуу боюнча ун чыгаруучу ишканалардын милдеттенмелери, ундун жана нандын баасын турукташтырууга багытталган кызматташуу жөнүндө **Макулдашууга** кол коюлду. Макулдашуунун мөөнөтү 2025-жылдын 31-декабрына чейин жарактуу. Бул Макулдашуу 4 жыл бою жыл сайын түзүлүп келүүдө.

Кыргыз Республикасынын Ун өндүрүүчү ишканалар Ассоциациясынын (мындан ары - Ассоциация) маалыматы боюнча 2026-жылдын 1-январына карата республикада 30 ун өндүрүүчү ишканалар иштеп жатат, анын ичинен 2 ишкана реконструкцияланууда жана 2 ишкана демонтаждоо жана башка жерге көчүрүү боюнча ишин убактылуу токтоткон.

Кыргыз Республикасындагы ун чыгаруучу ишканалардын учурдагы дүң баасы 1-сорттогу унга орточо 27,7 сом/кг (50 кг тара), 2-сорттогу унга орточо 20,1 сом/кг, кебекке орточо 16,2 сом/кг түзөт. Данды кайра иштетүү менен алектенген ишканалар орточо 7-8% маржа менен иштешет.

**2025-жылга биринчи сорттогу ундун республика боюнча орточо чекене рыноктук баалары (сом/кг)**

| Декабрь 24-ж. | Январь 25-ж. | Февраль 25-ж. | Март 25-ж. | Апрель 25-ж. | Май 25-ж. | Июнь 25-ж. | Июль 25-ж. | Август 25-ж. | Сентябрь 25-ж | Октябрь 25-ж | Ноябрь 25-ж. | Декабрь 2025-ж. |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 35,2 | 34,8 | 34,7 | 34,5 | 34,6 | 34,7 | 34,8 | 34,8 | 35,0 | 34,9 | 35,0 | 35 | 35,3 |

** жергиликтүү өндүрүлгөн ун*

**2025-жылдын 19-майында Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлиги, Кыргыз Республикасынын Суу ресурстары,** айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жай министрлиги жана Кыргыз Республикасынын **өсүмдүк майын**

**өндүрүүчү ишканаларынын** ортосунда кызматташуу жөнүндө **Макулдашууга кол коюлган.**

Бул Келишим республиканын азык-түлүк коопсуздугун жана жеткиликтүү баада сапаттуу өсүмдүк майын үзгүлтүксүз камсыз кылуу максатында түзүлгөн. Бул Келишим боюнча өсүмдүк майы өнөр жай ишканалары бир катар милдеттенмелерди алышкан.

“Өсүмдүк майы” Агроөнөр жайлык кластери (мындан ары - кластер) берген маалыматка ылайык, 2025-жылдын 25-августуна карата республикада өсүмдүк майын өндүрүүчү **4 ири ишкана иштеп жатат.**

Ошондой эле 2025-жылдын декабрында 2 жылдык мөөнөткө (2026-2027-ж.) төмөнкү Макулдашуулар түзүлдү:

- Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлиги, Айыл чарба министрлиги, Монополияга каршы органы жана ун өндүрүүчү ишканаларынын ортосундагы кызматташуу жөнүндө Макулдашуулар;
- Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлиги, Кыргыз Республикасынын Суу чарба, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жай министрлиги жана Кыргыз Республикасынын өсүмдүк майын өндүрүүчү ишканаларынын ортосундагы кызматташуу жөнүндө Макулдашуулар.
- Кыргыз Республикасынын канаттуулар тармагынын ишканалары менен кызматташуу жөнүндө Макулдашуу;
- Кыргыз Республикасынын балык чарба ишканалары менен кызматташуу жөнундөгү Макулдашуу.

Жогорудагы келишимдердин алкагында ата мекендик өндүрүш гана өнүктүрүлбөстөн, азык-түлүк коопсуздугу жана калк үчүн товарлардын жеткиликтүүлүгү да камсыздалат.

**2025-жылы эт рыногундагы кырдаалды турукташтыруу максатында эттин баасын убактылуу мамлекеттик жөнгө салуу чечими кабыл алынган.**

Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигинин 2025-жылдын 7-августундагы №140 буйругу менен “Кыргыз Республикасынын аймагында эттин (сөөксүз эттен тышкары уй жана кой эти)” баасына 90 календардык күнгө убактылуу мамлекеттик жөнгө салуу киргизилген.

Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигинин 2025-жылдын 7-августундагы №140 буйругу менен “Кыргыз Республикасынын аймагында этке (сөөксүз эттен тышкары уй эти жана кой эти) бааларды убактылуу мамлекеттик жөнгө салууну киргизүү жөнүндө” 2025-жылдын 11-августунан 9-ноябрына чейин 90 күндүк мөөнөткө этке (сөөксүз эттен тышкары уй эти жана кой эти) бааларды убактылуу мамлекеттик жөнгө салуу киргизилген.

Жогорудагы КР ЭКМнин №140 буйругун ишке ашыруу максатында, Кызмат тарабынан 2025-жылдын 8-августунда №71 ички буйрук чыгарылып, анда республиканын облустары боюнча этке (сөөксүз эттен тышкары уй жана кой эти) көзөмөл жүргүзүү тартиби жана чек (максималдуу) баалар белгиленген.

Кыргыз Республикасынын аймагында убактылуу мамлекеттик жөнгө салуу эки жолу узартылган:

- КР Экономика жана коммерция министрлигинин 2025-жылдын 10-ноябрындагы №205 буйругу менен 2025-жылдын 31-декабрына чейин;
- КР Экономика жана коммерция министрлигинин 2025-жылдын 31-декабрындагы №250 буйругу менен 2026-жылдын 30-январына чейин.

Этке бааларды мамлекеттик жөнгө салуунун алкагында Кызмат тарабынан **1177 мониторинг (чыгуулар)** жүргүзүлүп, **4778** субъект камтылган. Ошондой эле **4313** түшүндүрүү иш-чарасы өткөрүлүп, жалпы **172** айып пул салынган (668 000 сом суммасында) жана **38** эскертме берилген.Мындан тышкары, мониторинг жүрүшүндө баалардын негизсиз өсүшүнө жол бербөө жана Кыргыз Республикасынын “Керектөөчүлөрдүн укуктарын коргоо жөнүндө”, “Атаандаштык жөнүндө” жана “Өлчөөлөрдүн биримдигин камсыз кылуу жөнүндө”

мыйзамдарынын нормаларын сактоону камсыз кылууга багытталган түшүндүрүү маектери үзгүлтүксүз жүргүзүлүп турат.

Төмөндө 2025-жыл жана 2026-жылдын январь айы боюнча Кыргыз Республикасындагы эттин (сөөксүз эттен тышкары уй эти жана кой эти) орточо базардык чекене баалары, анын ичинде 2025-жылдын 11-августунан 2026-жылдын 30-январына чейин бааларды убактылуу мамлекеттик жөнгө салуу мезгилиндеги көрсөткүчтөр берилген:

| **Айы** | **Кыргыз Республикасынын аймагында уй жана кой этинин (сөөксүз эттен тышкары) орточо базардык чекене баалары.** | |
|---|---|---|
| **2025-ж.** | **Уй эти** | **Кой эти** |
| **январь** | 590,0 | 585,8 |
| **февраль** | 610,3 | 603,4 |
| **март** | 619,5 | 615,5 |
| **апрель** | 629,4 | 624,0 |
| **май** | 628,5 | 624,4 |
| **июнь** | 631,3 | 631,6 |
| **июль** | 641,4 | 657,8 |
| **август** | 662,8 | 676,4 |
| **сентябрь** | 665,4 | 673,6 |
| **октябрь** | 667,5 | 672,8 |
| **ноябрь** | 673,4 | 673,8 |
| **декабрь** | 673,3 | 674,2 |
| **2026-ж. январь айы** | 675,0 | 673,8 |

**Эл аралык кызматташтык жана атаандаштыкты адвокатташтыруу**

2025-жылы Евразия экономикалык комиссиясы (ЕЭК) менен өз ара аракеттенүү боюнча иштер жүргүзүлгөн, ошондой эле Атаандаштык саясаты боюнча мамлекеттер аралык кеңештин (МСАП) алкагында да иш алып барылган.

Жыл ичинде Кызматтын эксперттери тарабынан атаандаштыкты коргоо жана өнүктүрүү, монополияга каршы жөнгө салуу маселелери боюнча **76** жыйынга (видеоконференцияга) катышты.

Аталган отурумдардын алкагында ЕЭКтин **46** долбоору/маселелери боюнча корутундулар каралган жана даярдалган.

Ошондой эле, 2025-жылы ЕАЭБ жөнүндө Келишимдин жоболорун жана ЕАЭБдин келишимдик-укуктук базасын өркүндөтүү боюнча иштер жүргүзүлдү.

ЕАЭБ жөнүндө Келишим менен белгиленген атаандаштыктын жалпы эрежелеринин бузулушу боюнча арыздарды кароо алкагында, Кызматтын эксперттери ЕЭКтин жыйындарына катышат. Учурда **11 арыз** кароодо турат, атап айтканда төмөнкүлөр каралган:

- кыска мөөнөттүү жашоого арналган кыймылсыз мүлк объекттери тууралуу жарыяларды жайгаштыруу боюнча онлайн-платформалардын чек аралык кызмат көрсөтүү рыногунда атаандаштыктын абалына баа берүүнүн жыйынтыгы боюнча аналитикалык корутунду;
- кесилген гүлдөрдү чекене сатуу боюнча электрондук соода аянтчаларынын (маркетплейстердин) чек аралык кызмат көрсөтүү рыногунда атаандаштыктын абалына баа берүүнүн жыйынтыгы боюнча аналитикалык корутунду.

**ЕЭКтин суроо-талаптарына төмөнкү маалыматтар берилди:**

- Кытай Эл Республикасынан келип чыккан жана Евразия экономикалык биргилинин бажы аймагына ташылып келинген, диаметри 520 ммден жогору, бирок 650 ммден ашпаган графиттелген электроддорго (ТН ВЭД коду 8545 11 002 0) карата атайын антидемпингдик чараны киргизүүнүн атаандаштыкка тийгизген таасири жөнүндө;

- чек ара аралык товар рыногунда атаандаштыктын абалын баалоо максатында ТН ВЭД ЕАЭБ 7304, 7305, 7306 коддору боюнча болот түтүктөр тууралуу;
- 2022-жылдын 1-январынан 2024-жылдын 30-июнуна чейинки мезгил аралыгында төмөнкү товарлардын импорт көлөмдөрү боюнча маалымат берилген: атайын муфталар 149,22 мм каптоочу түтүктөрдүн ар түрдүү өлчөмдөрү, 177,8х10,36 ТМК-150 DW НС, каптоочу түтүктөр 139,7х1054 Р-110 CWB, каптоочу түтүктөр, 139,7х10,54мм PLC-2, ТМК UP CWB, тигишсиз ысык деформацияланган каптоочу түтүктөр 273х8 мм, узундугу 9-12 м, 20-топтогу В маркасындагы болоттон жасалган фаска менен, ички 2 катмарлуу жана тышкы 3-катмарлуу изоляциясы менен, тигишсиз ысык деформацияланган болот түтүктөрү 325х8 мм, узундугу 9-12 м, 20-топтогу В маркасындагы болоттон жасалган фаска менен ички 2 катмарлуу жана тышкы 3-катмарлуу изоляциясы менен.
- D-20 үчүн 152 мм ок астында полимер жабуу боюнча.
- парфюмерия-косметика сектору (экономиканын тармагы) жөнүндө.
- кесилген гүлдөрдү сатуу боюнча электрондук соода аянтчаларынын (маркетплейстердин) кызматтарын көрсөткөн чарба жүргүзүүчү субъекттер боюнча, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин (УСК) расмий сайтында жарыяланган тышкы жана өз ара соода маалыматтары боюнча: 2021–2023-жылдар аралыгында 0603 ТН ВЭД ЕАЭБ товардык позициясы боюнча классификацияланган гүлдөрдүн импорт жана экспортунун өлкөлөр боюнча маалыматтары.
- куюлган алюминий дөңгөлөк дисктерин өндүрүү жана сатуу боюнча;
- Өзбекстан Республикасынан келип чыккан жогорку тыгыздыктагы полиэтилен боюнча;
- суу жылытуучу болот панелдик радиаторлор үчүн.

Отчеттук мезгилде ЕАЭБге мүчө мамлекеттердин коммуникация тармагындагы атаандаштык жана тоскоолдуктарды жоюу боюнча жумушчу топтун отурумдары болду. ЕАЭБге мүчө мамлекеттердин аймактарында эл аралык роумингде мобилдик байланыш кызматтарына адилет тарифтерди колдонуу эрежелеринин долбоору каралды

ЕЭКтин атаандаштыкты коргоо жана өнүктүрүү маселелери боюнча салынган айып пул санкциялары тууралуу чечимдерин аткаруу максатында, ыктыярдуу түрдө аткаруудан баш тартылган учурда, ЕАЭБдин келишимдик-укуктук базасына айып пулдарды өндүрүп алуу боюнча нормалар киргизилген. Айып пулдарды мажбурлап өндүрүп алуу ЕАЭБге мүчө мамлекеттердин улуттук мыйзамдарынын алкагында жүзөгө ашырылат.

Ушуга байланыштуу, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна караштуу Сот департаменти менен Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Монополияга каршы жөнгө салуу кызматынын ортосунда ЕЭКтин чечимдерин мажбурлап аткаруу маселелери боюнча 2025-жылдын 20-мартындагы №35 кызматташтык жөнүндө макулдашуу түзүлгөн.

2026-жылдын 1-январына карата ЕЭК тарабынан Кыргыз Республикасынын чарба жүргүзүүчү субъекттеринен айып пулдарды мажбурлап өндүрүү жөнүндө кайрылуулар түшкөн эмес.

ЕАЭБде атаандаштык боюнча кызматташтык чек ара аралык рыноктордо бирдиктүү, ачык-айкын эрежелерди түзүүнү камсыз кылат, монополисттик ишмердүүлүктү алдын алып, бизнес менен керектөөчүлөрдүн кызыкчылыктарын коргоого өбөлгө түзөт.

**Монополияга каршы саясат боюнча мамлекеттер аралык кеңештин (МКСМАК) жана МКСМАКтын биргелешкен иликтөөлөр боюнча штабынын алкагында иш алып баруу:**

**2025-жылы** МКСМАКтын 58 жана 59-жыйындары жана КМШга мүчө-мамлекеттердин монополияга каршы мыйзамдарын бузууларды биргелешкен иликтөөлөр боюнча штабдын 44 жана 45-отурумдары өткөрүлдү.

МКСМАК тын алкагында төмөнкүлөр даярдалды:

- КМШга мүчө-мамлекеттердин монополияга каршы мыйзамдарын бузуунун алдын алуу темасы боюнча Баяндамага киргизүү үчүн маалымат;

- Кыргыз Республикасынын атынан "Атаандаштык чөйрөсүндөгү мыйзам бузуулардан жабыр тарткандарды жарандык-укуктук жактан коргоо" аттуу Баяндамага маалымат;

-"Бааларды (тарифтерди) мамлекеттик жөнгө салуу чөйрөсүндөгү нормативдик-укуктук жөнгө салуу" аттуу Баяндамага маалымат.

- Кыргыз Республикасынын атынан "Атаандаштык чөйрөсүндөгү мыйзам бузуулардан жабыр тарткандарды жарандык-укуктук жактан коргоо" аттуу Баяндамага маалымат;

- "Бааларды (тарифтерди) мамлекеттик жөнгө салуу чөйрөсүндөгү ченемдик укуктук жөнгө салуу" аттуу Баяндамага маалымат.

**Бул мезгилде МКСМАК тарабынан бекитилген документтердин арасында:**

- "КМШга мүчө мамлекеттерде дары-дармек каражаттарынын товардык рынокторунун өнүгүшү" аттуу доклад.;

- "КМШга мүчө мамлекеттердин мыйзамдарындагы жана укук колдонуу практикасындагы ак ниетсиз атаандаштык институту" баяндамасы;

- "КМШга мүчө мамлекеттерде интеллектуалдык менчик объекттерине карата монополияга каршы мыйзамдарды колдонуу" баяндамасы;

- "Азыркы шарттарда социалдык маанилүү товарлардын айрым рынокторунда КМШга катышкан мамлекеттердин монополияга каршы органдарынын иши жөнүндө" баяндама;

- "КМШга мүчө мамлекеттердин монополияга каршы мыйзамдарын бузуулардын алдын алуу" баяндамасы.

## Монополияга каршы органдын ишинин ачыктыгын камсыз кылуу жана атаандаштыкты жактоо

Жарандардын жана бизнес-коомчулуктун маалыматка кеңири жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу, иштин айкындуулугунун принциптерин камсыз кылуу, ошондой эле атаандаштыкты жактоо максатында Кызмат дайыма **www. antimonopolia.gov.kg** расмий сайтында, ошондой эле: АКИpress, Tazabek, КирТаг, Кабар, 24.kg, K-News, Sputnik.kg, kloop.kg ж.б. маалыматтык ресурстарда монополияга каршы органдын ишмердүүлүгү тууралуу маалымат жайгаштырылат.

"Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын карамагында турган маалыматтарга жетүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык жалпыга маалымдоо каражаттарында – **267 материал** жарыяланган.

"Жарандардын кайрылууларын кароонун тартиби жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамын аткаруу максатында Кызматтын жетекчилиги тарабынан жарандарды кабыл алуу графиги бекитилген. Отчеттук мезгилде республика боюнча Кызмат тарабынан **37** жаранды жеке кабыл алган.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 25-мартындагы № 182 "Кыргыз Республикасынын Премьер-министринин, министрликтердин, административдик ведомстволордун, жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын жана шаарлардын мэрияларынын коомдук кабылдамалары жөнүндө" токтомун аткаруу үчүн "Коомдук кабылдама" жана "Ишеним телефону" иштейт. Республика боюнча ишеним телефонуна кайрылгандардын саны **451** түзгөн.

Расмий сайтта "Электрондук кайрылуу" бар, анда арыз ээси өзүнүн байланыш маалыматтарын көрсөтүп, өз кайрылуусун билдире алат. Сайттын колдонуучулары үчүн анкета жайгаштырылган.

Мамлекеттик органдарга жарандардан электрондук кайрылуулар Каттар.kg порталы аркылуу келип түшкөн **147** суроо-талап каралды.

Отчеттук мезгилде жалпысынан **18** семинарлар, тренингдер, тегерек столдор, конференциялар жана башка иш-чаралар өткөрүлдү. Бардык жүргүзүлүп жаткан иш-чаралар

(тегерек столдор, семинарлар, жолугушуулар, презентациялар, мониторингдер) жалпыга маалымдоо каражаттарынын катышуусу менен өткөрүлгөн.

- керектөөчүлөрдүн укуктарын коргоо маселелери боюнча;
- экономикалык концентрациялоо маселелери боюнча;
- УСК менен маалымат алмашуу боюнча;
- өлкөнүн мунай компанияларынын өкүлдөрүнүн жана мунай трейдерлеринин катышуусу менен. Иш-чаранын максаты Кыргыз Республикасында күйүүчү-майлоочу материалдарды эсепке алуу, кабыл алуу, сактоо жана сатуу жөнүндө жаңы жобонун техникалык талаптарын маалымдоо жана түшүндүрүү болду;
- Ж. Баласагын атындагы КУУнун студенттери үчүн ачык эшиктер күнү.
- коомдук тамактануу кызматтарына бааларды түзүү маселелери боюнча;
- өсүмдүк майын импорттоочулар тарабынан баалардын негизсиз өсүшүнө жол бербөө максатында.

Кызматтын жетекчилиги жана кызматкерлери телеканалдарда жана радиолордо (КТРК, УБТ, ЭлТР, ТРК НТС, МТРК “Мир”, “7-канал”, “Пятый канал”, “Азаттык”, “Ала-Тоо 24”, “Sputnik. TV”, “NewTV”, “Азаттык”, “Биринчи радио” ж.б.) отчеттук мезгилде **123 комментарий (маек)** берилди. Негизинен суроолор социалдык маанилүү товарлар рыногундагы кырдаалга жана баалардын негизсиз өсүшүнө жол бербөө боюнча көрүлүп жаткан чараларга, табигый монополияларды жөнгө салууга, Кызматтын ишине тиешелүү болду.

Кызматтын жетекчилиги жана кызматкерлери отчеттук мезгил ичинде телеканалдарда жана радиодо (КТРК, НБТ, ЭлТР, ТРК НТС, МТРК “Мир”, “7-канал”, “Бешинчи канал”, “Азаттык”, “Ала-Тоо 24”, “Sputnik TV”, “NewTV”, “Азаттык”, “Биринчи радио” ж.б.) жалпы **123 комментарий (интервью)** беришкен. Негизинен берилген суроолор социалдык маанидеги товарлар рыногундагы кырдаалга, баалардын негизсиз өсүшүнө жол бербөө боюнча көрүлүп жаткан чараларга, табигый монополияларды жөнгө салууга жана Кызматтын ишмердүүлүгүнө байланыштуу болгон.

Кызматка жүктөлгөн ыйгарым укуктарды ишке ашыруунун алкагында КР УСК, КР ЭКМге караштуу Мамлекеттик бажы кызматы, КР ЭКМге караштуу Мамлекеттик салык кызматы, Кыргызпатент, КР ИИМ, КР Айыл чарба министрлиги, КР Санариптик өнүктүрүү министрлиги жана башка мамлекеттик органдар менен туруктуу негизде өз ара аракеттенүү жүзөгө ашырылат. Мындан тышкары, мамлекеттик органдар менен өз ара аракеттенүү “Түндүк” СМЭВ (мамлекеттер аралык электрондук өз ара аракеттенүү системасынын) алкагында ишке ашырылат.

СМЭВ “Түндүк” системасында төмөнкү маалымат базалары боюнча маалыматтар туруктуу негизде жаңыртылып турат:

- Товардык рыноктордо үстөмдүк абалды ээлеген чарбакер субъекттердин мамлекеттик реестри;
- Табигый монополиялардын субъекттеринин мамлекеттик реестри;
- Мамлекеттик жана муниципалдык акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөргө тарифтер, уруксат берүүчү документтер.

Монополияга каршы жөнгө салуу кызматынын атаандаштыкты коргоо жана өнүктүрүү, монополияга каршы жөнгө салуу, керектөөчүлөрдүн укуктарын коргоо, жарнаманы контролдоо боюнча иши жөнүндө кеңири маалыматтар туруктуу негизде расмий сайтта жайгаштырылат: https://antimonopolia.gov.kg.